

**АКАДЕМИК**

**АБДЫГАНЫ ЭРКЕБАЕВ**

**70 ЖАШТА**

## АРДАКТУУ АБДЫГАНЫ ЭРКЕБАЕВИЧ!

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Президиумунун жана Түштүк бөлүмүнүн атынан Сизди торколуу тоюңуз менен чын жүрөктөн куттуктайбыз! Кыргызстанда Сиз белгилүү адамсыз, чыгармачылыктын жана жаңычылдыктын зор кенчи жаткан таланттуу инсансыз. Биздин өлкөбүздөн чыккан көрүнүктүү, дүйнөгө атагы чыккан белгилүү окумуштуу, ошондой эле активдүү коомдук-саясий ишмер катары Сизди кыргыз илимдер академиясынын жалпы жамааты 70 жылдык маарекеңиз менен жылуу куттуктайт жана Сизге бекем ден соолук, кайткыс дөөлөт, зор чыгармачыл ийгиликтерди каалайт!

Бүгүнкү күндө Кыргызстандын калкы, жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдүн илимий-чыгармачыл жана коомдук чөйрөсү Сизди Кыргыз Республикасынын Улуттук илмдер академиясынын академиги, чыгаан окумуштуу-адабият таануучу-адабий сынчы, демилгелүү коомдук ишмер катары таанышат жана терең урматташат.

Сиз мындай урмат-сыйга билимге каник сугарылган тунук акылыңыздын, күжүрмөн эмгегиңиздин жана турмуштук мол тажрыйбаңыздын натыйжасында жеткендигиңизди баса белгилөө татыктуу.

Сиздин өрнөктүү өмүр жолуңузга сереп салсак, студент кезиңизде жазган алгачкы макалаңыздан тартып эле, эч кимдин беделине карабай бетке айткан белсемдүү сынчы катары таанылдыңыз. Адабий процесстерге активдүү катышып, анын “ысык точкаларына” качырып кирип, бирөөнүн титулуна, даңкына же чөйрөсүнө карабастан “жекеме-жекеге” чыгып келдиңиз. Адабияттын саны эмес, сапаты үчүн чындап күйүп-бышып, башыңызды сайган “көй-кашка” күрөшчүлөрдүн бири болдуңуз.

Илимий эмгектериңиз кыргыз жазма адабиятынын революцияга чейинки жана совет доорунун башталышындагы тарыхына арналган. Ошону менен бирге адабий сын тармагында 20дан ашуун китептин жана 200дөн ашык макалалардын, рецензиялардын авторусуз. Сиздин илимий эмгектериңиздин негизгилери кыргыз адабият таануу илимине, анын ичинде кыргыз поэзиясынын орчундуу маселелерине арналып, кыргыз сынынын маселелери тууралуу илимий изилдөөлөрдү жүргүзүп, “Кыргыз адабияты” адистиги боюнча чоң салым коштуңуз. Ошондой эле кыргыз адабиятындагы элдик оозеки чыгармачылык менен көркөм чыгарманы байланыштырып, карым-катышын, көркөмдүк өзгөчөлүктөрүнө көп көңүл бөлүп адабияттын ар түрдүү жанрларына жекече илимий көз караш менен мамиле жасап, орчундуу маалыматтарды, жыйынтыктарды, гипотезаларды берип, көрүнүктүү илимий на-

тыйжаларга келгенсиз. Ушул күндөрү жазылып жаткан “Дүйнөлүк тарых жана кыргыздар” аттуу долбоордук ишиңиз кыргыз илимине зор салым кошот деп үмүттөнөбүз.

Дагы бир белгилей турган нерсе, бул Сиздин саясий жана коомдук ишмер катары, эң татаал жана жооптуу мамлекеттик кызматтарда кесипкөйлүк, билгичтик, уюштуруучулук талантыңыз, кабыл алынган чечимдериңиздин салмактуулугу, Сиздин күчтүү сапаттарыңызды мүнөздөйт.

Сиздин ушундай өмүр таржымалыңызда, албетте, Сиздин эмгегиңиз жана талантыңыз жатат. Анын натыйжасы катары, Сиздин сиңирген эмгегиңиздин татыктуу бааланышы, бийик авторитет жана коомдогу салмагыңыз.

***Кымбаттуу Абдыганы Эркебаевич! Элиңизге кылган кызматыңыз уланып, сөөлөтүңүздөн да, дөөлөтүңүздөн да жазбай, ак эмгегиңиздин үзүрүн көрүңүз! Өмүр дабанынын ашууларын дагы да бакубаттуулукта, бактылуулукта аша берүүңүзгө тилектешпиз!***

***КР УИАнын президенти,<br>корреспондент-мүчө<br>К.Е. Абдрахматов***

***КР УИАнын вице-президенти,<br>академик<br>Ч.И. Арабаев***

***КР УИАнын Башкы окумуштуу<br>катчысы, корреспондент-мүчө<br>Б.М. Худайбергенова***

***КР УИАнын Түштүк Бөлүмүнүн<br>төрагасы, академик<br>О.И. Ибраимов***

***КР УИАнын КИБнүн төрагасы,<br>академик<br>А.А. Акматалиев***

***КР УИАнын ФТМТКИБнүн<br>төрагасы, корреспондент-мүчө<br>Н.Ж. Жеенбаев***

***КР УИАнын ХТМБАЧИБнүн<br>төрагасы, корреспондент-мүчө<br>К.Т. Шалпыков***